КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
АК-ДӨБӨ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
АК-ДЮБИНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

Тилекмат айылы,
Асаналиева № 42

факс 60201
тел. 60203

село Тилекмат,
ул.Асаналиева № 42

ДЕПУТАТТАРДЫН АК-ДӨБӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII
ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫНЫН

# ТОКТОМ

2022- жылдын 09-сентябрындагы № 48 Тилекмат айылы

**“ЭлКат” жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан оптикалык чубалгыларды тартуу үчүн темир-бетон байланыш таянычтарын орнотуу жөнүндө.**

“ЭлКат” жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан "Кумтөр Голд Компани” ишкансынын үзгүлтүксүз интернет байланышын камсыз кылуу максатында оптикалык чубалгыларды тартуу үчүн Ак-Дөбө айыл аймагына тиешелүү сырт өрөөнүндөгү жайыт жерге темир-бетон байланыш таянычтарын орнотууга уруксат алуу боюнча “ЭлКат” жоопкерчилиги чектелген коомунун катынын негизинде жана ишкананын менеджери Т.Кайыковдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, айылдык кеңештин сессиясы токтом кылат:

1. Сырт өрөөнүндөгү Ак-Дөбө айыл аймагына тиешелүү жайыт жери менен “ЭлКат” жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан оптикалык чубалгыларды тартуу үчүн темир-бетон байланыш таянычтарын орнотууга макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөт башчысы М.Алиевге жана жайыт комитетинин төрагасы Ж.Жийдебаевге жүктөлсүн.

Төрагасы А.Тыныбеков